# Силердин бирөөңөр даарат алса, мурдуна суу алып, анан кайра чимкирсин. Аврет жерлерин тазаласа так санда тазаласын

Абу Хурайра (Аллах андан ыраазы болсун) айтат: Аллахтын элчиси (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) минтип айткан: "Силердин бирөөңөр даарат алса, мурдуна суу алып, анан кайра чимкирсин. Аврет жерлерин тазаласа так санда тазаласын . Силерден бирөөңөр уйкудан ойгонуп турганда, даарат алчу сууна кол салбай туруп колун жууп алсын. Анткени, эч киминдер колу кайда түнөп чыкканын билбейт". Муслимдин риваятында: "Силердин бирөөңөр уйкудан ойгонуп турганда, үч жолу жуумайынча колун идиштеги сууга сала койбосун. Анткени, ал колу кайда түнөгөнүн билбейт".

[Сахих (ишенимдүү)] [Муттафакун алайхи (хадистин ишенимдүүлүгүнө бир ооздон макулдашылган)]

Пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) дааратгын кээ бир өкүмдөрүн баяндаган, алар: Биринчиси: даарат алган кишиге мурдуна сууну тартуу, кийин кайра чимкирип чыгаруу зарыл. Экинчиси: заң чыккан жерин суу менен эмес, таш же ушул сыяктуу башка нерсе менен тазалаган адам так санда тазалайт. Анын азы үч, көбү чыккан нерсе жоголуп, ошол жай таза болгонго чейин. Үчүнчүсү: түнкү уйкудан турган киши колун идиштин сыртында үч жолу жуумайынча даарат алуу үчүн колун идиштеги сууга салбайт. Себеби, ал колу түндө кайсы жерде турганын билбейт. Ал ыплас болуп калуусу мүмкүн. Ага шайтан үйлөп коюусу жана да инсанга зыяндуу же сууну булгай турган нерсени салып коюусу мүмкүн.

http://www.sunnah.global/hadeeth/ky/show/3033